**Стоматологиялык жана хирургиялык циклынын куратордук группалары**

| № | Куратордун аты жону | Тайпасы |
|---|---|---|
| 1 | Орозбаев А Ы | Сто-5-23 |
| 2 | Бакиров Н | Сто 2-22 |
| 3 | Абидинова Б | Ад – 4 -21 |
| 4 | Мурзабекова С | Стп-1-23 |
| 5 | Султанов Б | Сто-3-23 |
| 6 | Исаева П | Сто-3-23 |
| 7 | Абдыкаарова Н | Стп-4-22 |
| 8 | Батаев А | Лд- 4-22 |
| 9 | Кубатова Н | Лд- 3-21 |
| 10 | Токторов А | Стп- 3-23 |
| 11 | Кучкаров У | Сто-4-22 |
| 12 | Караев Э | Стп -3-22 |

## Куратордук сааттардын темалары

### Куратордук сааттарды тематикалык пландаштыруу

**2023-2024-окуу жылы ичинде ОшМУнун бардык академиялык тайпаларында өткөрүлүүчү куратордук сааттардын мазмунун аныктап турат. Куратордук сааттар академиялык тайпанын электрондук жадыбалына коюлат жана электрондук журналга өтүлгөндүгү жөнүндө катталат, сунуш кылынган темалар жазылат.**

| № | Өтүлүү мөөнөтү | Куратордук сааттар үчүн сунушталуучу темалар | Максаты жана милдеттери | Иштөө формасы |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Сентябрь ичи | Академиялык тайпанын өзүн өзү башкаруу структурасы | - Академиялык тайпанын өзүн өзү башкаруу структурасын түзүү;<br><br>- Академиялык тайпанын активдерин шайлоо, функционалдык милдеттерин бөлүштүрүү;<br><br>- Тайпадагы студенттер жөнүндө маалыматтар базасын түзүү, маалыматтарды толтуруу. | Жыйын |
| | | Студенттин портфолиосу | - Тайпанын кураторунун портфолиосун түзүү;<br><br>- Студенттердин портфолиосу жана аны үзгүлтүксүз толуктоо боюнча маалымат берүү;<br><br>- Студенттердин портфолисун түзүү. | Ангемелешүү |
| | | Студенттин жүрүм-турум кодекси | - ОшМУнун студенттери үчүн иштелип чыккан "Студенттин жүрүм-турум кодекси" менен таанышуу;<br><br>- Студенттин укуктары жана милдеттери менен таанышуу;<br><br>- Кодексте каралган эреже бузуулар, аларды болтурбоо, алдын алуу маселелери боюнча пикир алмашуу, талкуулоо;<br><br>- Модулдук –рейтингдик система, учурдук, чектик, жыйынтыктоочу текшерүү жөнүндө маалымат алуу. | Ангемелешүү, презентация |
| | | Театр күнү | Ош Улуттук драма театрына барып спектакль көрүү | Спектакль көрүү |
| 2. | Октябрь ичи | Студенттик стипендиялык, социалдык колдоо программалары | - Студенттерди "Атуулдук стипендия", "Президенттик стипендия", "Окумуштуулар кеңешинин стипендиясы" жөнүндөгү жоболор менен тааныштыруу;<br><br>- Стипендиялык программаларга катышуу үчүн студенттердин алдына коюлган максаттарды жана милдеттерди аныктоо;<br><br>- Стипендиялык программаларга катышуу үчүн студенттердин алдына коюлган максаттарга жетүү | Презентация, ангемелешүү |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | аракеттери;<br><br>- Контракттык төлөмдөн жеңилдик берүү боюнча жобо менен тааныштыруу. | |
| | | ОшМУда өзүн-өзү өнүктүрүү программалары | - Убакыт акчадан да кымбат экендигин аңдап түшүнүүгө жетишүү;<br><br>- Сабактан сырткары убакытта өзүн өзү өнүктүрүүнүн жолдору жөнүндө маалымат алуу;<br><br>- Р.Абдыкадыров атындагы Таланттар академиясындагы студенттик ийримдер жөнүндө маалымат алуу;<br><br>- Студенттик кеңеш тарабынан жүргүзүлүп жаткан студенттик долбоорлор менен таанышуу;<br><br>- Үмүт студентик телестудиясынын, Нур студенттиик гезиттин волонтердук программалары менен студенттерди тааныштыруу. | Аңгемелешүү, презентация, маалымат бөлүмгө экскурсия |
| | | 2022-жыл Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылы | - КРдин Президентинин 2022-жыл Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылы жөнүндөгү жарлыгы менен таанышуу жана талкуу;<br><br>- Жарлыкка ылайык мамлекеттик денгээлде аткарылган иш аракеттер менен таанышуу. | Презентация, талкуу |
| | | “ОшМУ таза чөйрө үчүн!” тазалык акциясына катышуу | - Ош шаарындагы туристтик базаларда, парктарда, тоолордо жана коомдук жайларда тазалык акциясын уюштуруу (бөлүнгөн графикке ылайык). | Ишембиликке катышуу |
| 3. | Ноябрь ичи | Студенттик стартаптар | - Студенттик стартаптар жөнүндө маалымат берүү;<br><br>- ОшМУнун студенттик стартап борбору менен таанышуу. | экскурсия |
| | | Жаштар сергек жашоо үчүн | - Тамеки, баңги заттарын, спирттик ичимдиктерди колдонуунун зыяндуу жактары, кесепеттери жөнүндө маалымат алуу;<br><br>- Жаштар арасында бул коркунучту алдын алуу жолдорун изилдөө;<br><br>- Сергек жашоо образын студенттер арасында жайлтуу. | аңгемелешүү |
| | | Кылмыштуулукка жол жок | - Студенттер арасында кылмыштуулукту алдын алуу, болтурбоо боюнча профилактикалык иштер жөнүндө маалымат алуу;<br><br>- Жаштар арасында күтүлүүчү кылмыштуулуктун, анын ичинде кыз балдарга жана жаш балдарга карата зордук-зомбулуктун болуу себептери жана кесепеттери жөнүндө талкуу. | Тегерек стол |
| | | Экстремизм, терроризм, радикализм коркунучтары | - Жаштар арасында радикалдашууну (диний, идеялык, тыю салынган уюмдар) алдын алуу;<br><br>- Экстремизм, терроризм, тыю салынган диний агымдар | Адис менен жолугушуу |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | жөнүндө маалымат алуу;<br><br>- Жаштардын радикалдашуусун алдын алуу, болтурбоо жана жайылышына бөгөт коюу аракеттериндеги ар бир жарандын жоопкерчилигин аңдап түшүнүүгө жетишүү. | |
| 4. | Декабрь ичи | Академиялык эреже бузууларды (коррупцияны) алдын алуу, болтурбоо, кесепеттери менен күрөшүү | - Академиялык эреже бузууларды (коррупцияны) алдын алуу, болтурбоо, кесепеттери менен күрөшүү багытындагы иш чараларды тайпалык деңгээлде уюштуруу;<br><br>- Академиялык тазалыктын талаптары жана принциптери жана алардын тайпада сакталышы жөнүндө талкуу уюштуруу;<br><br>- Таза сессия өткөрүүдөгү студенттин жоопкерчилиги боюнча талкуу. | талкуу |
| | | Кышкы сынак-сессиясына даярдануу маселелери | - Кышкы сынак сессиясына тайпадагы студенттердин даярдыгы;<br><br>- Кышкы сессиянын сынактарын ийгиликтүү тапшыруу маселелери боюнча талкуу. | талкуу |
| | | Жаңы жылга жаңы максаттар жана милдеттер | - Өтүп бара жаткан жылга баа берүү;<br><br>- “Өтүп бара жаткан жыл мен үчүн эмнеси менен жемиштүү болду?” деген суроого жооп берүү;<br><br>- “Өтүп бара жаткан жылы ниет кылган кайсыл иштерди аткарууга жетишпей калдым?” деген суроонун негизинде келе жаткан жаңы жылга максат, милдеттерди жазуу. | аңгемелеш үү |
| 6. | Февраль ичи | 2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы жөнүндө | - Кыргыз жараны концепциясы менен таанышуу;<br><br>- Концепцияны ишке ашыруу маселелери менен таанышуу;<br><br>- Концепциянын маңызын аңдап түшүнүү. | |
| | | Кыргыз жараны кандай болушу керек? | - Кыргыз жаранынын моделин таануу;<br><br>- Мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн маселелерин талкуулоо;<br><br>- Көп түрдүүлүктөгү биримдик идеясын аңдап түшүнүү. | презентац ия, аңгемелеш үү |
| | | Бүгүнкү мекенчил жаштардын модели | - “Бүгүнкү заманбап контексте мекенди, элди, жерди сактоо дегенди кандай түшүнсө болот?” деген суроого жооп издөө;<br><br>- “Мекенчил адамдын бүгүнкү образы кандай?” деген суроого жооп издөө. | ангемелеш үү |
| 7. | Март ичи | Улуттук иденттүүлүк – туруктуу мамлекет | - Кыргыз элинин улуттук иденттүүлүктөрү жана аларды башка улуттар менен салыштыруу;<br><br>- Ааламдашуу заманында улуттук иденттүүлүктү сактоо мамлекет үчүн келечек экендигин аңдап түшүнүүгө | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | жетишүү. | |
| | | Менин болочок кесибиме койгон замандын негизги талаптары | - Заманбап адис болуу үчүн талап кылынуучу көндүмдөрдү, билимдерди билүү;<br><br>- Эмгек рыногунун суроо-талаптарына анализ жүргүзүү;<br><br>- Кесипкөй болууга даярдануу үчүн милдеттерди алуу. | |
| | | Студенттин окууга мотивациясы | - Студенттин окууга болго мотивациясы жөнүндө маалымат алуу;<br><br>- Студенттин окууга болгон ички мотивациясын жогорулатуу жолдорун билүү;<br><br>- Эффективдүү окуп-үйрөнүү техникалары менен таанышуу. | аңгемелешүү |
| | | Өз алдынча окуп-үйрөнүүдө маалыматтык технологияларды колдонуу | - Өз алдынча окуп-үйрөнүүнү уюштурууда маалыматтык технологиялык каражаттарды колдонулуунун жолдорун билүү;<br><br>- Интернетти, социалдык тармактарды натыйжалуу пайдаланууну аңдап түшүнүү. | |
| 8. | Апрель ичи | Китеп окуйбуз айлыгын уюштуруу жана өткөрүү | - Тайпада бир айлык акция уюштуруу;<br><br>- Куратор жана студенттер биргеликте тандаган адабий чыгармаларды окуп чыгуу жана талкуу жүргүзүү;<br><br>- Китеп окууга жаштарды үндөгөн видеоролик, постерлерди жасоо, социалдык тармактар аркылуу таратуу. | Бир айлык акция |
| 9 | Май ичи | Академиялык эреже бузууларды (коррупцияны) алдын алуу, болтурбоо, кесепеттери менен күрөшүү | - Академиялык эреже бузууларды (коррупцияны) алдын алуу, болтурбоо, кесепеттери менен күрөшүү багытындагы иш чараларды тайпалык деңгээлде уюштуруу;<br><br>- Академиялык тазалыктын талаптары жана принциптери жана алардын тайпада сакталышы жөнүндө талкуу уюштуруу;<br><br>- Таза сессия өткөрүүдөгү студенттин жоопкерчилиги боюнча талкуу; | талкуу |
| | | Жазгы сынак-сессиясына даярдануу маселелери | - Жазгы сынак сессиясына тайпадагы студенттердин даярдыгы;<br><br>- Жазгы сессиянын сынактарын ийгиликтүү тапшыруу маселелери боюнча талкуу. | талкуу |
| | | Жайкы сессияга даярдануу жана ийгиликтүү тапшыруу | - Модулдардын жыйынтыктарын талкуулоо;<br><br>- Семестрдин жыйынтыгы боюнча студенттердин сабактарга катышуусу жана жетишүүсүнө анализ;<br><br>- Сынактарды ийгиликтүү тапшырууга даярдануу маселесин талкуулоо. | аңгемелешүү |

# Тема:“Тил жоголбойт, жоголсо жоголот дил” деген темада ар кандай иш-чараларды жүргүзүү




**Сабактын темасы:**　　**Эне менен эл турганда эне тилим жоголбойт!**
Сабактын максаты:　　а) Окуучулар тилдин улуулугун, барктуулугун, нарктуулугун түшүнүшөт;
б) Окуучулар өз пикирин ачык, так, кыска жана нуска айтууга көнүгүшөт;
в) Окуучулар өз эне тилин, адат-салтын, маданиятын барктай, сыйлай билүүгө тарбияланышат;
Көрсөткүчү: а) Окуучулар тилдин улуулугун, баалуулугун , нарктуулугун түшүнүшсө;
б) Окуучулар өз пикирин эркин, ачык, так жана нуска айтууга көнүксө;
в) Окуучулар өз эне тилин, адат-салтын, маданиятын барктай, сыйлай билүүгө тарбияланса;
Сабактын тиби: Тегерек отурум
Сабактын жабдылышы: Нускалуу кептер, видео-тасма
Сабактын жүрүшү: а) Уюштуруу
б) Талкуу
в) Жыйынтык чыгаруу
Саламатсыздарбы урматтуу коноктор. Кадырлуу эже-агайлар жана окуучулар!
Мамлекеттик тилдин 29 жылдыгына арналган “Эне менен эл турганда, эне тилим жоголбойт” аттуу тегерек отурумду ачык деп жарыялайм!
Алгач алтын эреже менен таанышып алалы.
Эмесе алгачкы сурообузду узатып баштасак.

**Студенттерге:**




**Мамлекеттик тил деген эмне? Мамлекеттик тил мыйзамы качан кабыл алынган?**

Жооп: Мамлекеттик тил – мамлекетте иш кагаздарын жана сот иштерин алып барууда, жалпы билим берүүчү мектептерде, атайын орто жана жогорку окуу жайларда окутууну жүргүзүүдө бир өлкөдө жана башка чөйрөлөрдө колдонулуучу тил. Кыргыз ССРинин Жогорку Совети 1989-жылы 23-сентябрда "Кыргыз СССРнин мамлекеттик тил жөнүндө" мыйзамы кабыл алынып. Андан соң кыргыз тилине – мамлекеттик тил наамы берилген. Бул мыйзам 2004- жылы Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан жаңыланып, анда кыргыз тили – мамлекеттик тил, ал эми орус тили расмий тил деп жарыяланган.

**Мугалимдерге:**

-Жыл сайын мектептерге кыргыз тилинин бир айлыгы, андан кийин үч айлыгын өткөрүү боюнча иш кагаздар келет. Бул боюнча кандай иш чараларды жүргүзөсүздөр?

**Студенттерге:**

-"Кыргыз тили- Манастын тили" деп айтылат, тил жөнүндө билген ырларыңардан көркөм айтып бере аласыңарбы?

**Мугалимдерге:**




-“Тилден бал да тамат, уу да тамат” дегендей жашообузда тилдин мааниси чоң. Анда эне тилибизди окутуп жатып, жашообузда кызыктуу окуяларга туш болобуз. Сиздерде ошондой окуялар болду беле?

**Студенттерге:**

-Тил жөнүнүндө көп учкул сөздөр айтылат. Кандай учкул сөздөрдү билебиз, айтып өтөлү.

Мугалимдерге:

-Биз кыргыздар өз оюбузду түшүндүрүүдө, мисалы, жазып жатып же сүйлөп жатып сөз таба албай орус сөздөрүн кошуп сүйлөйбүз. Бул эмне кыргыз тилинин сөз байлыгынын аздыгынанбы же биз кыргыз тилин жеткиликтүү деңгээлде билбегенибизденби? Кандай ойлойсуздар?

-Дегеле кыргыз лексикасы өнүгүүнүн үстүндө деп билебиз. Азыркы учурда кыргыз лексикасында 84000 сөз бар десе, кээ бир интернет булактарында 89000 сөз бар деп айтылып жүрөт. Кайсынысы чындыкка жакын?




ОшМУнун студенттери үчүн иштелип чыккан “Студенттин жүрүм-турум кодекси” менен таанышуу; Үмүт студентик телестудиясынын, Нур студенттиик гезиттин волонтердук программалары менен студенттерди тааныштыруу


КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ
Гимн Кыргыз Республикасынын Жогорку
Кеңешинин 1992-жылдын 18-декабрындагы
токтому менен бекитилген.
Сөзү:
Музыкасы:
Жалил
Садыков
Шабданбек
Кулуев
Насыр
Давлесов
Калый
Молдобасанов


Мамлекеттик символдор
Кыргыз Республикасынын
гимни
Ак мөңгүлүү аска, зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.
Кайырма:
Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.
Аткарылып элдин үмүт тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Мык сактап урпактарга берели.
Кайырма:
Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.
КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫ

# Студенттердин сүймөнчүгү “Нур” гезитине 30 жыл

Osh Shamy 6 декабря, 2022




ОшМУнун студенттик “Нур” гезити 1992-жылы негизделген. 2001-жылы 27-сентябрда Ош облустук юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөн. Бүгүнкү күндө 8 бетте студенттерге акысыз таратылат. Жаш калемдештерди куттуктап, отуз жылдан бери студенттердин макала жазуусуна шыктандырган гезит жөнүндө баяндайбыз.

**ОшМу элибиздин сыймыгы темада таанышуу.**




ОшМу герби



# ОШМУ 85 ЖЫЛДЫК МААРАКЕСИН БЕЛГИЛЕЙТ




2024-01-26 / 1885 / 04:01:41

Университеттин 85 жылдык маарекесине байланыштуу өткөрүлүүчү иш чаралардын пландарын талкуулоо үчүн ректор Кудайберди Кожобеков ректораттын курамы, кесиптик бирлиги менен биргеликте жыйын өткөрдү.

Жыйында маарекелик иш-чараны өткөрүүнүн уюштуруу тобу, жумушчу тобу бекитилип, окуу жайдын 85 жылдык маарекесине арналган иш-чаралардын планы боюнча тиешелүү структура жетекчилерине тапшырмалар берилип, милдеттер коюулду.

ОшМУнун 85 жылдык маарекеси 2024-жылдын 31-майда Ош шаарындагы А.Сүйүнбаев атындагы борбордук стадиондо салтанаттуу белгиленет.

Маарекеге карата  “ОшМУ сүрөтчөлөрдүн көзү менен”, “Ырдайлы кыргыз ырларын” конкурстары, казак-кыргыз айтышы, журналисттердин, бүтүрүүчүлөр ассоциациясынын форумдары, республикалык стартап конкурстар, эл аралык конференциялар, ойлоп

табуучулардын сынактары, спорттук мелдештер өтөт. Андан сырткары ОшМУнун 85 жылдык тарыхын чагылдырган даректүү тасма тартылат.

85 жылдык маарекесин  белгилеп жаткан ОшМУнун башаты 1939-жылда ачылган Ош мугалимдер институтунан башталат.  1951-жылы Ош мугалимдер институту-Ош педагогикалык институту болуп өзгөртүлүп, 1992-жылы Ош мамлекеттик университети болуп кайра түзүлгөн.







**Кыргыз республикасынын желеги эски желеги**




Кыргыз республикасынын эски улгудогу желеги

# Желек



Кыргызстан
Мамлекеттик желеги 19
жыл
Ж (Кыргыз
Республикасынын
парламентинин) сегизинчи
сессиясында кабыл
алынган, ал эми 5-мартта
Окмот Уйунун имаратында
салтанаттуу которулгон.
Кыргызстандын Желеги
ончой кызыл кездемеден
жасалып,ортосуна кырк нуру
тегиз чачыраган алтын
туспол кундун,анын ичине -
кыргыз боз уйунун кызыл
тустогу тундугунун сuроту
тушурулгон.



**ОшМунун 85 жылдык маарекеси.**

Университеттин 85 жылдык маарекесине байланыштуу өткөрүлүүчү иш чаралардын пландарын талкуулоо үчүн ректор Кудайберди Кожобеков ректораттын курамы, кесиптик бирлиги менен биргеликте жыйын өткөрдү.

Жыйында маарекелик иш-чараны өткөрүүнүн уюштуруу тобу, жумушчу тобу бекитилип, окуу жайдын 85 жылдык маарекесине арналган иш-чаралардын планы боюнча тиешелүү структура жетекчилерине тапшырмалар берилип, милдеттер коюулду.

ОшМУнун 85 жылдык маарекеси 2024-жылдын 26-апрелинде Ош шаарындагы А.Сүйүнбаев атындагы борбордук стадиондо салтанаттуу белгиленет.

Маарекеге карата "ОшМУ сүрөтчөлөрдүн көзү менен", "Ырдайлы кыргыз ырларын" конкурстары, казак-кыргыз айтышы, журналисттердин, бүтүрүүчүлөр ассоциациясынын форумдары, республикалык стартап конкурстар, эл аралык конференциялар, ойлоп табуучулардын сынактары, спорттук мелдештер өтөт. Андан сырткары ОшМУнун 85 жылдык тарыхын чагылдырган даректүү тасма тартылат.

85 жылдык маарекесин белгилеп жаткан ОшМУнун башаты 1939-жылда ачылган Ош мугалимдер институтунан башталат. 1951-жылы Ош мугалимдер институту-Ош педагогикалык институту болуп өзгөртүлүп, 1992-жылы Ош мамлекеттик университети болуп кайра түзүлгөн.

REDMI 10C | SAMAR 29.02.2024 10:53



Кыргыз Республикасынын 2024 –жылы жаныланган туусу



Бакиров Н        сабак учуру Сто 2-22 тайпасы менен.

## ГОСУДАРСТВЕННЫЙ СТАНДАРТ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
## ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ФЛАГ КР



Соотношение сторон полотна 5:3.
Диаметр тундука составляет половину диаметра лучистого диска.

| Цвет | PANTONE | CMYK | RGB |
|---|---|---|---|
| Красный | PANTONE 1788 C | 0 - 100 - 100 - 0 | 255 - 0 - 0 |
| Желтый (золотой) | PANTONE Yellow C | 0 - 0 - 100 - 0 | 255 - 255 - 0 |

**При построении основных элементов государственного флага республики Кыргызстан необходимо учесть следующие:**

**1. Чертеж должен выполнятся по масштабу и размеры нанести в миллиметрах (ГОСТ 2.301-68), а так же руководствоваться ГОСТ КР за № КМС 771-99.**

**2. выполнить описание последовательность выполнения чертежа**

**3.Окружность (солнечный диск) разделить на 4 равных частей при этом на каждой части окружности построить 10 солнечных лучей.**

**4. Солнечные лучи построить как сопряжение**

**5. все обозначение выполнить прописными буквами.**




Сто 5-23 тайпа.Кратор А Орозбаев.




Сто -5-23 тайпа  Орозбаев А куратордук сабак учуру.



Бакиров Н сто-2-22 тайпа куратору сабак учуру


БЮГЕЛЬДИК ПРОТЕЗИН ЖАСОО ЫКМАСЫ




Лд -3-21 тайпа куратору сабак учуру Кубатова Н



Сто-4-22 тайпа куратору Кучкаров У


ОШМУ
МЕДИЦИНАЛЫК КЛИНИКА
MEDICAL CLINIC




Стп-1-23 тайпа куратору Мырзабекова С сабак учуру

